| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ,<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (ТОГУЗУНЧУ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКТЕГИ I СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О М У**

29-ноябрь 2024 – жыл № 1/1 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасын шайлоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 40-беренесине ылайык шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасы болуп Полотов Жаныбек Токтосунович шайлансын.

**Кара-Суу шаардык кеңешинин**
**төрагасынын биринчи орун басары** **Д.А.Жороев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (ТОГУЗУНЧУ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКТЕГИ I СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О М У

29-ноябрь 2024 – жыл № 1/2 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасынын орун басарларын шайлоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 41-беренесине ылайык шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасынын биринчи орун басары болуп Жороев Даниярбек Артыкович шайлансын.

2. Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасынын орун басары болуп Бекташова Толкунбу Бердикуловна шайлансын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ,
КАРА-СУУ РАЙОНУ
КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,
КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН
КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (ТОГУЗУНЧУ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКТЕГИ I СЕССИЯСЫНЫН

Т О К Т О М У

29-ноябрь 2024 – жыл № 1/3 Кара-Суу шаары

**“III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо үчүн Кара-Суу шаарында жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын жана өкүлчүлүктүү жыйынын уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 20-сентябрындагы “Кезектеги III Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө” № 271 Жарлыгына жана III Элдик Курултайдын Улуттук кенешинин 2023-жылдын 16-декабрындагы №16 чечими менен бекитилген “Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо тартиби жөнүндө” Жобосуна ылайык 2024-жылдын 20-21-декабрында Бишкек шаарында өтүүчү III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо максатында, Кара-Суу шаардык кеңеши Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 61-62-беренелерин жетекчиликке алып

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. III Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча Кара-Суу шаарындагы өкүлчүлүктүү жыйыны 2024-жылдын 7-декабрында саат 10:00дө шаардагы маданият үйүндө уюштурулуп өткөрүлсүн.

2. Кара-Суу шаарында Элдик Курултайды уюштуруу боюнча иш-чаралар планы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин жана бекитилген иш-чаралар планына ылайык тийиштүү иш алып барышсын.

3. Кара-Суу шаарында өкүлчүлүктүү жыйынына делегаттарды шайлоо үчүн шаар аймагында жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү графиги өткөрүүгө жооптуу депутаттар №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Кара-Суу шаарындагы өкүлчүлүктүү жыйыны 2024-жылдын 7-декабрында саат 10:00дө өтүүчү жыйынга квота боюнча 200 катышуучунун санынын шаар боюнча бөлүнүшү №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

5. Кара-Суу шаарында III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №4-тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Кара-Суу шаарында III Элдик Курултайга делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топ жана шаардык кеңештин

жооптуу депутаттары шаар аймагында өтүүчү жыйындарды өз убагында өткөрүлүшүн камсыз кылышсын.

7. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

Кара-Суу шаардык кеңешинин
2024-жылдын “_29_”_11__
№_1/3__ токтомуна
№1 тиркеме

**Кара-Суу шаарында өткөрүлүүчү Элдик Курултайга уюштуруу боюнча иш-чаралар планы**

| № | Иш-чаралардын мазмуну | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1. | Айыл аймагында Элдик Курултайдын делегаттарыншайлообоюнчажоо птуукызматкерлердиокутуу, түшүндүрүүиштеринжүргүзүү | 1-декабрга чейин | Графиктин негизинде айылдык кеңештин жумушчу тобу |
| 2. | Элдик курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү коомдоштуктун жыйындар жөнүндө чечимди сессияда кабыл алуу:<br>-Өкүлчүлүктүү жыйындын убактысын жана өтүүчү жерди аныктоо;<br>- өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн санын квотага ылайык бекитүү<br>- жыйындарды өткөрүү графигин бекитүү;<br>-жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тизмесин бекитүү;<br>-жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын бекитүү;<br>-кабыл алынган чечимдер боюнча протоколдорду түзүү; | 1-5 декабрь | Шаардык кеңештин жумушчу тобу |
| 3. | Коомдоштуктардын жыйындарынын протоколдорун жана өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн тизмесин чогултуу, жалпылоо. | 1-5-декабрь | Жумушчу топ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Өкүлчүлүктүн жыйынын өткөрүү үчүн даярдык көрүү, алып баруу долбоорун даярдоо; | | |
| 4. | ЭлдикКурултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүн жыйынын өткөрүү | 7-декабрь | Жумушчу топ |
| 5. | Жумушчу топко жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарынын протоколдорун жана өкүлчүлүктүү жыйында шайланган делегаттардын толтурулган анкеталарын уюштуруу комитетине жөнөтүү | | |

**Кара-Суу шаардык кеңешинин**
**жооптуу катчысынынын у.м.а** **Акылбек к Ж**

Кара-Суу шаардык
кеңешинин
2024-жылдын “_29_”_11__
№_1/3__ токтомуна
№2 тиркеме

**Кара-Суу шаарында жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын өткөрүү боюнча бөлүктөргө бөлүнүүсү, шайлануучу делегаттардын саны, өткөрүү орду, өткөрүүгө жооптуу депутаттар, жыйындардын ГРАФИГИ**

| № | Коомдоштук тарга бөлүнүүсү | Өткөрүү орду, мөөнөтү | Датасы | | Жооптуулар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мектеп шайлоо участкасы | В.И.Ленин аом залы | 2024-жылдын 4-декабры | Саат 15:00 | Т.Б.Бекташова төрагасы<br>М.Ишатов<br>К.Шакеева<br>С.Турабаев<br>А.Балтабаев<br>А.Насыров |
| 2. | Юбилейный шайлоо участкасы | “Ала-Тоо” кинодирекциясы | 2024-жылдын 4-декабры | Саат 15:00 | С.Кокоев төрагасы<br>С.Бакыева<br>А.Сайдрахманова<br>М.Мамаразыков |
| 3 | Нурахунов шайлоо участкасы | Авторемзавод | 2024-жылдын 4-декабры | Саат 15:00 | А.Абдураимов-төрагасы<br>М.Джумабаев |
| 4. | Линейный шайлоо участкасы | №134 негизги мектеби | 2024-жылдын 4-декабры | Саат 15:00 | Д.Атабаева-төрайымы<br>З.Махмудханов |
| 5. | Токтогул | | 2024-жылдын 4-декабры | Саат 15:00 | А.Бегматова-төрайымы |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | шайлоо участкасы | К.Рахимов мектеби | | | А.Батыров<br>А.Манасов |
| 6. | МЭЗ шайлоо участкасы | К.Жакыпов мектеп-интернаты | 2024-жылдын 4-декабры | Саат 15:00 | Ы.Чирмашов-төрагасы<br>Р.Хатамов<br>М.Досаева<br>Ю.Урозов<br>А.Самиева |
| 7 | Ак-Өргө айылы | К.Эрматов а.о.м | 2024-жылдын 5-декабры | Саат 15:00 | Айти у Айбек-төрагасы<br>А.Байсалов<br>Батай у Калыбек |
| 8. | Киров айылы | Маданият үйү | 2024-жылдын 5- декабры | Саат 15:00 | З.Аматов-төрагасы<br>А.Абдалимов<br>Н.Айткулов<br>Ш.Темиров |
| 9. | Тельман айылы | Тельман а.о.м | 2024-жылдын 5- декабры | Саат 15:00 | З. Исирова - төрайымы<br>Д.Жороев<br>Б.Исманалиева<br>А.Чаканов |
| 10 | Эркин айылы | С.Маматов а.о.м | 2024-жылдын 5- декабры | Саат 15:00 | А.Н.Салимов-төрагасы<br>Ж.Арзиев<br>С.Абдиламит уулу<br>М.Жумабаев |
| 11 | Коңурат айылы | Н.Калмурзаев а.о.м | 2024-жылдын 5-декабры | Саат 15:00 | Т.Кырбашев-төрагасы<br>Б.Сатиев<br>Г.Нышанбай кызы |
| 12 | Присавай айылы | 131 н.м. | 2024-жылдын 5- декабры | Саат 15:00 | М.Жолуев-төрагасы<br>Р.Салаев<br>Н.Маматалиев |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Миялы айылы | Миялы мектеби а.о.м | 2024-жылдын 5-декабры | Саат 15:00 | М.М.Абдикаримов-төрагасы К.Ысаков М.Ысмайылов |

**Кара-Суу шаардык кеңешинин жооптуу катчысынынын у.м.а** **Акылбек к Ж**

Кара-Суу шаардык
кеңешинин
2024-жылдын “_29_”_11__
№_1/3__ токтомуна
№3 тиркеме

**Кара-Суу шаарында 2024-жылдын 7-декабрында өкүлчүлүктүү жыйынга квота боюнча 200 катышуучунун шаар аймагына бөлүнүшү**

| № | Коомдоштук тарга бөлүнүүсү | Шайлоочулар саны | Делегат тардын саны |
|---|---|---|---|
| 1. | Мектеп шайлоо участкасы | 2588 | 16 |
| 2. | Юбилейный шайлоо участкасы | 1798 | 11 |
| 3 | Нурахунов шайлоо участкасы | 1845 | 11 |
| 4. | Линейный шайлоо участкасы | 2817 | 18 |
| 5. | Токтогул шайлоо участкасы | 2912 | 18 |
| 6. | МЭЗ шайлоо участкасы | 1885 | 12 |
| 7 | Ак-Өргө айылы | 2289 | 14 |
| 8. | Киров айылы | 6502 | 38 |
| 9. | Тельман айылы | 5054 | 32 |
| 10. | Эркин айылы | 2650 | 17 |
| 11. | Коңурат айылы | 1152 | 7 |
| 12. | Присавай айылы | 364 | 3 |
| 13. | Миялы айылы | 213 | 3 |

**Кара-Суу шаардык кеңешинин**
**жооптуу катчысынынын у.м.а** **Акылбек к Ж**

Кара-Суу шаардык
кеңешинин
2024-жылдын “_29_”_11__
№_1/3__ токтомуна
№4 тиркеме

**Кара-Суу шаарында жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын жана коомдоштуктардын өкүлчүлүктүү жыйынын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу тобу**

| № | Ф.А.А. | Ээлеген кызматы |
|---|---|---|
| 1. | Ж.Т.Полотов.- | шаардык кеңешинин төрагасы, жумушчу тобунун төрагасы |
| 2. | Д.А.Жороев. - | шаардык кеңешинин төрагасынын биринчи орун басары, жумушчу тобунун төрагасынын орун басары |
| 3. | Акылбек к Ж. - | жооптуу катчы, жумушчу тобунун катчысы |
| | | **Мүчөлөрү:** |
| 4. | Д.Атабаева. - | шаардык кеңешинин депутаты; |
| 5. | А.Абдураимов. - | шаардык кеңешинин депутаты; |
| 6. | С.Кокоев | шаардык кеңешинин депутаты; |
| 7. | А.Айти уулу. | шаардык кеңешинин депутаты; |
| 8. | А.Бегматова | шаардык кеңешинин депутаты; |
| 9. | Ы.Чирмашов | шаардык кеңешинин депутаты; |
| 10. | Тыныбек у П. - | мэриянын сектор башчысы; |
| 11. | Урозов Ю. - | аксакалдар соту |
| 12. | А.Орозов- | Коомдук уюм |

13. Айыл башчылары, кварталдык комитет төрага, төрайымдары

**Кара-Суу шаардык кеңешинин**
**жооптуу катчысынынын у.м.а** **Акылбек к Ж**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (ТОГУЗУНЧУ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКТЕГИ I СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О М У

29-ноябрь 2024 – жыл № 1/4 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарындагы А.Рахманалиев орто мектебинин спорт аянтчасын мини футбол аянтчасына реконструкциялоо долбоору үчүн жергиликтүү бюджеттен өздүк салым кошуу жөнүндө**

Кара-Суу шаар мэриясынын республикалык бюджеттен дем берүүчү грант алуу сунушун угуп жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарындагы А.Рахманалиев орто мектебинин спорт аянтчасын мини футбол аянтчасына реконструкциялоого республикалык бюджеттен алынуучу дем берүүчү грант үчүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджети эсебинен 2 243 321 (эки миллион эки жүз кырк үч миң үч жүз жыйырма бир) сом өздүк салым үчүн бөлүнсүн.

2. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (ТОГУЗУНЧУ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКТЕГИ I СЕССИЯСЫНЫН

# Т О К Т О М У

29-ноябрь 2024 – жыл № 1/5 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарындагы З.М.Бобур орто мектебинин спорт аянтчасын мини футбол аянтчасына реконструкциялоо долбоору үчүн жергиликтүү бюджеттен өздүк салым кошуу жөнүндө**

Кара-Суу шаар мэриясынын республикалык бюджеттен дем берүүчү грант алуу сунушун угуп жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарындагы З.М.Бобур орто мектебинин спорт аянтчасын мини футбол аянтчасына реконструкциялоого республикалык бюджеттен алынуучу дем берүүчү грант үчүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджети эсебинен 2 243 321 (эки миллион эки жүз кырк үч миң үч жүз жыйырма бир) сом өздүк салым үчүн бөлүнсүн.

2. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ,**
**КАРА-СУУ РАЙОНУ**
**КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,**
**КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН**
**КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (ТОГУЗУНЧУ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКТЕГИ I СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О МУ**

29-ноябрь 2024 – жыл № 1/6 Кара-Суу шаары

**Кара-Суу шаарынын Эркин айылынын Т.Орозбаев көчөсүн асфальтоо долбоору үчүн жергиликтүү бюджеттен өздүк салым кошуу жөнүндө**

Кара-Суу шаар мэриясынын республикалык бюджеттен дем берүүчү грант алуу сунушун угуп жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарынына Эркин айылынын Т.Орозбаев көчөсүн асфальтоого республикалык бюджеттен алынуучу дем берүүчү грант үчүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджети эсебинен өздүк салым 3 982 005 сом (үч миллион тогуз жүз сексен эки миң беш) сом өздүк салым үчүн бөлүнсүн.

2. Бул токтомдун аткарылышы шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык**
**кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ,<br>КАРА-СУУ РАЙОНУ<br>КАРА-СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ,<br>КАРА-СУЙСКИЙ РАЙОН<br>КАРА-СУЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

КАРА - СУУ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН (ТОГУЗУНЧУ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН) КЕЗЕКТЕГИ I СЕССИЯСЫНЫН

**Т О К Т О М У**

29-ноябрь 2024 – жыл № 1/7 Кара-Суу шаары

**“Манас” стадионун курулуш иштерине республикалык бюджеттен келип түшүүчү трансфертти каржылоого уруксат берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 20-ноябрындагы №745-т тескемесинин негизинде Кара-Суу шаар мэриясына республикалык бюджеттен келип түшүүчү трансфертти каржылоого уруксат берүү сунушун угуп жана талкуулап шаардык кеңеш

ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Кара-Суу шаарынын “Манас” стадионунун курулуш иштерин бүткөрүү максатында Кара-Суу шаар мэриясына келип түшүүчү 150 000 000 (бир жүз элүү миллион) сом өлчөмүндөгү максаттуу трансфертти каржылоо үчүн шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин 3111 беренесинин чыгаша бөлүгүнө отургузууга уруксат берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаар мэриясына, көзөмөлдөө шаардык кеңешинин экономика, бюджет, инвестиция тартуу жана ишкердүүлүк боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кара-Суу шаардык кеңешинин төрагасы** **Ж.Т.Полотов**